DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2021

*Эргешова К.А.*

# БАЛДАРДЫ КУРАГЫНА ЖАРАША АДЕП-АХЛАКТЫК ТАРБИЯЛООДО САЛТТЫК БААЛУУЛУКТАРДЫН КАЛЫПТАНУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Эргешова К.А.*

# ПРОБЛЕМЫ ФОРМИРОВАНИЯ ТРАДИЦИОННЫХ ЦЕННОСТЕЙ В НРАВСТВЕННОМ ВОСПИТАНИИ ДЕТЕЙ В СООТВЕТСТВИИ С ИХ ВОЗРАСТОМ

*K. Ergeshova*

# PROBLEMS OF THE FORMATION OF TRADITIONAL VALUES IN THE MORAL EDICATION OF CHILDREN IN ACCORDANCE WITH THEIR AGE

*УДК: 371*

*Бул макалада азыркы мезгилди камтыган адеп-ахлактык жактан тарбиялоонун маселелерин ачып көрсөтүлгөн. Ошондой эле тарбиялоонун түшүнүктөрү жөнүндө дагы маалыматтар берилген. Азыркы билим берүү системасында тарбиялоонун ыкмалары иликтенген. Негизги максаттары билим берүү системасынын мазмуну жана адеп ахлактуулукка тарбиялоодо мектеп сабактарын карап чыгууга көңүл бурулуусу керектиги концептуалдык мамиле жасоонун жолдору берилген. Билим берүүнүн мазмуну, ошондой эле чөйрөдө адам баласынын жашоого даярдыгынын калыптануусун үйрөтүү жөнүндө да ойлор айтылган. Билим берүүгө болгон талап социалдык жашоону гумандаштыруу жана демократиялаштыруу процессинин маңызы менен инсанга болгон мамиленин жеткиликтүү деңгээлде болушу, ошону менен бирге эле ар бир адамдын укугу корголгон коомду түзүү аракети жөнүндө айтылган. Жаштарга тарбия берүүнү ишке ашыруу боюнча менен шарттал-гандыгы жөнүндө да берилген. Келечектеги мугалимдер үчүн адептик тарбиялоодо иш-чараларды, тренинг-семинарларды өткөрүү зарыл экендиги баса белгиленген. Келечек муунда-рына,билим берүү жана жаштарды адептик тарбиялоо маселелери жөнүндө да каралган.*

***Негизги сөздөр***: *тарбия, маданий баалуулуктар, улут, адеп, салт, курак, балалык, өнүгүү, үйрөтүү, ата-эне.*

*Эта статья объясняет проблемы морального образования, которое, что является нынешним образом. Он также предоставил информацию о концепциях воспитания. Обучение в обучении изученной текущей системы образования. Основными целями обсуждаются в содержании, а мораль системы образования, а этикет морали необходимо для оплаты школьных уроков в рассмотрение школьных классов. Есть способы провести концептуальный подход к осуществлению молодежного образования. Содержание образования также предлагается преподавать препараты человека к препарату человека в окружающей среде. Требование к образованию также предоставляется доступность отношений между процессом человеческой жизни и наличием взаимосвязи между процессом демократизации, и оно также связано с тем, что у каждого охраняемое общество. Было отмечено, что потребности будущих учителей необходимость проведения мероприятий и обучающих семинаров. Будущие поколения также обеспокоены этической подготовкой образования, образования и молодежи.*

***Ключевые слова:*** *воспитание, культурные ценности, национальность, нравы, традиции, возраст, детство, развитие, обучение, воспитание детей.*

*This article explains the problems of moral education, which is what is currently. He also provided information on the concepts of upbringing. Training in teaching the studied current education system. The main objectives are discussed in the content, and the moral of the education system, and the etiquette of morality is necessary to pay school lessons in the consideration of school classes. There are ways to conduct a conceptual approach to the implementation of youth education. The content of education is also proposed to teach human preparations for a person in the environment. The requirement for education is also provided to the availability of relationships between the process of human life and the presence of the relationship between the democratization process, and it is also due to the fact that each protected society has. It was noted that the needs of future teachers the need for events and training seminars. Future generations are also concerned about the ethical training, education and young people.*

***Key words:*** *upbringing, cultural values, nationality, customs, traditions, age, childhood, development, education, upbringing of children.*

Адептүүлүк – коомдун өнүгүүсү менен жана моралдык аң-сезимдүүлүк аркылуу жашоодогу максатка жараша калыптандыруу, үлгүлүү тарбия көрсөтүү, жана ошондой эле ар бир улуттун ата-бабабыз сактап келген салтын, үрп адатын кармануугa тарбиялоо болуп саналат. Ар бир инсандын руханий байлыгы жана эрки адептүүлүктө жатат. Адептик тарбия коомдук эмгек жана айлана чөйрөгө жасаган мамилеси, жолдоштук, чыгаандык, нарктуулук жана ар ким өз жүрүм-турумун баалоо менен кароого жана өз кемчилигин акыйкат сындоого үйрөтөт. Ал коомдун негизги формасы деп саналат. Адам баласы ымыркай мезгилден тарта карылык куракка чейин өнүгүү жана үйрөнүү процессинде жүрөт жана тарбияланып такшалат, ошондой эле тарбия башаты инсандык жүрүм-турум эрежелеринин калыптануусунан, негизинен адептүүлүк нормалары сакталат.

Тарбия жараяны мамлекеттик денгээлде каралуучу маселелердин бири катары болушу зарыл.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Адеп-ахлак, улуттук нарк, социум топтогон тарыхый нарк насил, маданият, руханий адеп-ахлак салттарын муундарга мурастап өткөрүүнүн куралы. Коомдун өнүгүүсү менен мезгил алмашып турат, бирок ошого карабастан улуттук нарк насил, салт-санаа, менталитет сыяктуу көз караштар сакталып келет. Мунун баары кийинки муунга мурас катары өткөрүлүп берилет жана өнүгөт. Бирок, мезгил ар бир муундун дагы жаңы мыйзамдарына да баш иет. Тарбия – дегенде ар бир элдин улуттук патриоттук сезими, тээ илгертен карманып келе жаткан адептик нормалары сакталып, аны балдарга балалык мезгилинен тарта калыптандыруу деп атасак да болот.

Быйылкы жыл КР Президенти С.Н.Жапаровдун «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» жөнүндөгү жарлыгы менен «Кыргыз республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясында» белгиленип келет.

Мамлекет бир канча башка маселелер менен катар эле келечек муундун,коомдун руханий-адептик жактан тарбиялоо маселеси глобалдуу болуп жаткандыгын баса белгилеп келет. Демек, ар бир атуулдун мекенге болгон сүйүүсү, жоопкерчилиги, тарбиясы аркылуу мекен жакшыраары анык. Мындай маселе мамлекетибиз эгемендүүлүккө ээ боло баштагандан тарта, турмуштун ыргагы жана мазмуну өзгөрүүгө учурады. Коомдук саясий-экономикалык өзгөрүүлөрдөн улам мамлекетибизде кайталангыс чоң бурулуштар жолуна түшүп, билим берүү жаатында жаңы тарыхый коомдук талаптарга ылайык келген өз мыйзамдарын кабыл алды.

Элдик педагогикада баланы тарбиялоодо аны курагына жараша ишмердүүлүктөрү аркылуу адеп ахлактык нормаларды пайланып келишкен. Мисалы: Мектеп жашына чейинки балдарда оюн иш аракети турмушка балдарды даярдоонун каражаты катары эсептелинген. Мектеп жашына чейинки баланын турмушунда оюн маанилүү орунду ээлейт. Алар оюн аркылуу оюн-окуу, оюн-эмгек, оюн-тарбиянын башаты жана формасы боло алат.Оюн иш аракети аркылуу балдар күнүмдүк турмуштагы ата-энелерден адеп ахлактык нормаларды өздөштүрүшөт.

Орустун улуу педагогу К.Д.Ушинский оюндарда күчтүү тарбиялык каражатты көрө билген. Баланын өз алдынчалуулугун тарбиялоонун каражаты катары оюнга чоң маани берүү менен бирге К.Д. Ушинский “оюнда бала жашайт жана ал жашоонун издери эсте терең калат” - деп айткан.

Кенже мектеп куракта окуучулар мектеп, үй-бүлө жана сырткы факторлордон тарбия алышат. Бул куракта балдарга ата-эне, педагог жана алардын досторунун таасири астында жүрүм-турум нормалары, адеп ахлактык тарбия процесси калыптанат. Окумуштуулар балдарга тарбия берүүдө үй-бүлө негизги фактор болуп саналат, бирок азыркы экономикалык шартка байланыштуу пассивдешип бара жатканын белгилешет. Акыркы учурларда балдар арасында кылмыштуулук, зордук-зомбулук, ата-энелер чет жактарда балдардан алыс, балдар чоң-ата, чоң-энелердин колунда өсүп жаткандыгы кейиштүү. Адистердин айтымында, үй-бүлөдөн алган таалим - тарбия, калыптанган адаттар адам баласынын өмүрү бою сакталарын айтышкан. Балдардын адеп ахлактык тарбиясы кичинесинен ата-эне аркылуу гана берилерин баса белгилешет.

Өспүрүм курактагы балдар технологиянын өнүгүүсү менен теңдешип, көбүнчө убактыларын компьютердик оюндар менен өткөрүшөт. Бул көрүнүш балдардын психикасына канчалык терс таасирин тийгизип жаткандыгын ким билет. Азыркы мезгил жаштардын интеллекттик жактан өнүгүүсү, маалыматтуулугу, кругозору өнүккөнү менен адеп-ахлактык, руханий-ыймандык жактан өнүгүүсү артта калып жаткандай сезилет.

Ошондуктан тарбия билим берүүчү мекемелердин иш пландарында белгилүү чыгаан инсандардын, кыргыз элинин баатыр эр жигиттери, эл журт башкарган акылман аялдардын мисалында тарбиялык сааттар, жолугушуулардын уюштурулуусу зарыл.

Мектеп гана программасында чектелбестен ЖОЖ программасында да системалуу ишке ашуусу зарыл. Башталгыч класс окуучуларын окутуучу адистерде тарбиялык сааттарда адеп ахлактык тарбиясына басым жасалса демекчимин. Ошондой эле тарбиянын ар бир түрү биздин күнүмдүк жашоодо ишке ашырылуусу зарыл. Эстетикалык тарбия, эмгек тарбиясы, акыл эс тарбия,нравалык тарбия, укуктук тарбия ж.б.

Эстетикалык тарбия үчүн негизинен искусство багытындагы чыгармалар пайдаланылат. Өнүгүп келе жаткан жаш муунга туура эстетикалык билим берүү үчүн адамзаттын жыйнаган бардык эл аралык классикалык эмгектери менен бирге кыргыз элинин өздүк искусствосун, элдик эстетикалык нормаларды колдонуу керек.

Эмгек тарбиясы балдар эрте балалык курактан тарта калыптана баштайт. Үй тиричилик буюмдарын колдонуу аркылуу, ата энелердин балдарды жумшоо, кыймыл аракетинде балдар чоңдорду тууроо аракеттери аркылуу ишке ашат десек болот. Алардын дене бой жактан физикалык өсүүсү да дал ушул эмгек тарбиясы аркылуу ишке ашат десек

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



жаңылышпайбыз. Эмгек тарбиясы элдик педагогиканын негизги каражаттары болгон макал-лакаптарда жана жаңылмачтарда жана табышмактарда да берилет. Макал лакаптардын тематикасы, мааниси, колдонулуш багыты өтө кеңири болуп, анын өзөгүн тарбия берүү идеясы түзөт. Макал-лакаптардын эмгекке тарбиялоо багытындагыларын гана системалаштырып ала турган болсок:

Башчы эмгекчил жерде баары эмгекчил.
Азаматтын даңкын чыгарган – эмгек,
Арамзанын жанын чыгарган – эрмек.
Жамгыр менен жер гүлдөйт,
Эмгек менен эл гүлдөйт.
Иштемчил иш санайт,
Жалкоо күн санайт.
Кагаз жазып колу оорубагандын,
Иштеп бели да оорубайт.

Бул керемет макалдарда терең философиялык мааниси бар ойлор камтылган.

Ал эми элдик табышмактарга көз чаптырсак:

Асманга чыкса жаркырайт, жерге түшсө такылдайт. (кетмен).

Тиши болот темирден, тийген жерин кемирген,
Түзөп аңын, дөңүн, түйшүктүн баарын бүтүргөн. (бульдозер).

Тендешсиз бул заманда ага балбан,
Төө моюн,болот дене, өрдөк таман.
Сугунат таш болсо да саман өңдүү,
Ойлонуп тапкылачы ал кандай жан? (экскаватор).

Элдик педагогиканын тарбия процессинде кандай формада болсо да идеяларын талдоого алып, жаштарга сиңимдүү кылып берүү зарыл.

Кыргыз ооз эки чыгармачылыгынын ичинен биз мисал келтирген жогорудагы макал-лакаптар, табышматар кенже мектеп окуучуларын эмгекке тарбиялоодо кеңири колдонулса, балдардын ак ниет, эмгекчил, эмгекти сүйгон,кыргыз элинин патриоттору болуп калыптанышына эбегейсиз чоң таасирин тийгизет деп ишенемин.

Жыйынтыктап айтканда, балдардын инсандык калыптануусунда зор таасирин тийгизүүчү тарбия процесси билим берүү системасында бир жактуу системага салынышы керек десек жаңылышпайбыз.

**Адабияттар:**


1. Муратов А., Акматов К., Тажикова Б. Кыргыз этнопедагогикасы. - Бишкек, 2018.
2. Подласый И.П. Педагогика. - М., 2011.
3. Муратов А. Бала тарбиялоодогу кыргыз керемети. Улуттук тарбия жана билим берүү салттары [Текст] / А.Муратов, К.Акматов. - Б., 2020. - 78-б.
4. Манастын бала чагы. (Электрондук ресурс). // http://epos manas.ru/manas_kg/-446/-465/
5. Романов Б., Исаев К., Сыргабаев С. Кыргызстан жаштарынын социалдык бейнеси. - Бишкек, 2012.
6. Бабаева А.Д., Бабаев М.Д. Формирование нравственно-правовой культуры студентов в обучении гуманитарным дисциплинам. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 3. С. 168-172.
7. Кадырова Т. Роль национального искусства кыргызского народа в эстетическом воспитании учащихся. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 6. С. 225-228.
8. Азамбаев У., Мейманова К.А., Жоробек кызы Г. Влияние национальных традиций на нравственное воспитание школьников. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2021. №. 3. С. 163-165.